**Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 31.07.2024-ж. № 236-б буйругу**

**2025-2030-жылдарга Сузак районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 15-июлундагы № 302 Жарлыгын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ № 137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2024-жылдын 24-июлундагы № 173-б буйругунун негизинде коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан коррупциянын алдын алуу натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасында коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы ПЖ № 137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы кынтыксыз аткарууга алынсын.

2. 2025-2030-жылдарга Сузак районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Сузак районунун аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

- 2025-2030-жылдарга Сузак районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу жөнүндө иш-чаралардын планын аткарууга алышсын;
- 2025-2030- жылдарга Сузак районунун аймагында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаранын пландарынын аткарылышы тууралуу Сузак райондук мамлекеттик администрациясына 2025-жылдан тартып ар квартал сайын, отчеттук мезгилдин 1-күнүнөн кечиктирбей маалымат берип турушсун.

4. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси Б.Б.Бактыбековго жүктөлсүн.

**Биринчи орун басар**
**Б.С.Суюнбаев**